Абдубалиева Б. Ж.
К.Тыныстанов ат. ЫМУ

«МАНАС» ЖАНА МАНАСТААНУУЧУ

Ала-Тоону жердеген ак калпактуу кыргыз элинин ичинен жанар оттой кайнап чыккан улуу баян «Манас» эпосу кылымдардан кылымдарды карытып, биздин күнгө жетип отурат. Сыймыктанар сыймыгыбыз болгон «Манас» дастаны - кыргыз элинин турмушун ар кыл өңүттө чагылдырган энциклопедиялык чыгарма.

Тарыхтын оомалуу-төкмөлүү учурларында элибиздин тагдыры менен эпосубуздун тагдыры да жуурулушуп, эчендеген оош-кыйыш заманды башынан кечирди. Элибиздин каны-жанынан бүткөн «Манас» баяныбызды кыргыздын каны жүрүп турган ар бир кыргыз баласы дилибизде ыйык тутуп, ардактап келебиз. Элибиз үчүн жерибиз кандай ыйык болсо, «Манас» эпосубуз да ошондой ыйык. «Жомок баркын билген билет», - деп Сулайман Кайыпов айткандай, эпостун бийиктигин барктай, баалай билишибиз парз. Элди эл кылып турган руху дешет. Демек, «Кыргыз рухунун туу чокусу» болгон «Манас» - элибиздин руханий өзөгү.

Эпостун уникалдуулугун, классикалык үлгүсүн бүгүнкү күнгө жеткирүүгө фольклорчу-жыйноочу-лардын эмгеги баа жеткис. Манастын тексттерин жазып алуу иши 1922-жылдан баштап колго алынганы баарыбызга белгилүү. Акылбек, Назар, Нармантай, Чоңбаш, Келдибек, Балык, Тыныбек өңдөнгөн легендалык манасчыларыбыздын айткан тексттери жазылбай калганы менен, алардын ысымдары эл ичинде унутулбай келет. Муун алмашкан сайын эл арасынан таланттар чыгып, Манас баатырдын эрдигин даңазалап, алымча-кошумча менен айтылып отуруп, бүгүнкү күндө да терең тарбиялык, патриоттук ролду ойноп келет. Келечек муун үчүн «Манас» эпосун жазып калтыргандардын көч башында Ы.Абдыракманов, К.Мифтаков, К.Кыдырбаева сыяктуу жыйноочулар турган. Азыркы мезгилде Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кол жазмаларды сактоо жана жарыялоо фондусунда «Манас» эпосунун алтымыштан ашуун көлөмү, көркөмдүгү ар башка варианттары сакталып турат.

Манастаануу илими элибиз эгемендикке ээ болгону гана пайда болгон жок. Эпосту изилдөө иши XIX кылымдын биринчи жарымынан башталып, азыр дагы эң актуалдуу маселелерден. Эпоско алгачкылардан болуп чет элдик окумуштуулар: Ч.Валиханов, В.В.Радлов, Д.Алмаши, М.Ауэзов, П.Фалев, В.М.Жирмун-скийлер өз көз караштарын илимий негизде жазып калтырышкан. Мезгилдин өтүшү менен элибизден манастаануу илимине өзгөчө эмгек сиңирген, өмүрү өткүчөктү «Манас» деп кара жанын карч урушкан окумуштууларыбыз чыкты. Манастаануу илимин түптөгөн Б.Юнусалиев, З.Бектенов, М.И.Богда-нова, Ө.Жакишев, С.Мусаев, Э.Абдылдаев, К.Кырбашев, Р.Сарып-беков, З.Мамытбеков, М.Мамыров, Р.Кыдырбаева, С.Бегалиев, А.Жайна-кова, О.Сооронов, М.Мукасов, А.Акматалиев сыяктуу окумуштуу-ларыбыз улуу дастаныбызды жыйноо, жарыялоо, басып чыгаруу, илимий изилдөө жаатында келечек муундар үчүн опол тоодой ак эмгегин сиңиришти. Кыргыз эли «Манас» эпосун кепке алганыбызда, жогорудагы аты аталган окумуштууларыбыздын ысымдары дагы сыймык менен айтылып келет.

Элдин, жердин тарыхы баяндалган «Манас» эпосу боюнча көптөгөн илимий иштер жазылып, эпосту ар кыл өңүттөн илимий изилдөөгө алышып, көптөгөн кандидаттык, докторлук иштер ийгиликтүү корголду.

«Манас» эпосун изилдөөчү, жыйноочулардын ичинен ф.и.к., доцент, ЫМУнун ардактуу профессору, Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер С.Бегалиев өзгөчө орунда турат.

Белдүү окумуштуу С.Бегалиев С.Каралаевдин айтуусу боюнча «Манас» эпосунун бешилтигин, «Эр Төштүк» эпосун жана башка уламыш, болумуштарды, учкул сөздөрдү, макал-лакаптарды окумуштуу С.Мусаев менен бирдикте магнитофон тасмасына түшүрүшкөн. Ошондой эле Мамбет Чокморовдон «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторун окумуштуу Э.Абдылдаев менен биргеликте жазып алышкан. Мындай машакаттуу иштерден тажабастан, келечек муун үчүн адал эмгегин жумшап, Ыса уулу

Жумабектен «Семетей», Дункана Кочукеевден «Семетей», Акмат Рысмендеевден «Семетей», Каба Атабековдон, Мамбеталы Ашымбаевден, Шаабай Азизовдон «Манас эпосунун текстерин жазып алган. Мындай көркөм маданий байлыкты, муундан-муунга өтүп келе жаткан улуу дастанды жыйнап, көптөгөн илимий макалаларды жазып, манастаануу илимине бараандуу салымын кошуп келе жаткан «сакадай бою сары алтын» С.Бегалиевдин өмүрүнүн урунттуу учурларына токтолууну эп көрдүк.

Ал 1934-жылы 25-октябрда Ысык-Көл районундагы Орто-Өрүктү айылында төрөлгөн. Атасы айыл активи, айыл советинин башкармасы, колхоздун башкармасы болуп эли-жерине узак жылдар ак кызматын өтөгөн. Улуу Ата Мекендик согушта Ленинградды коргогон. Өрнөктүү жолду басып өткөн, Баркалбас атанын таалим-тарбиясы, адал эмгеги уулу Сапарбек Бегалиевге таасирин тийгизбей койгон эмес. Тирикарак уулунан дагы атасы көпту үмүт кылып, Фрунзе шаарындагы № 5, ошол кездеги шаардагы жалгыз кыргыз орто мектебине алып келген. № 5 орто мектебинен алган билими өзгөчө болуп, өмүр бою эсинен кетпей, башкача таасир калтыргандыгын окумуштуу толкун-дануу менен эскерет.

Окууга, илимге дилгирлиги бала кезинде эле байкалган С.Бегалиев жогорку билимди Ленинград шаарындагы союзга атагы чыккан Герцен ат. педагогикалык институттун тарых-филология факультетинен алып, аны ийгиликтүү аяктаган. Окуусун бүтүргөн соң Улуттук илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун аспирантурасына өтүп, «Манас» эпосунун поэтикасы» деген темада кандидаттык диссертациясын жактаган. Илим-билимге кадам койгон ошол күндөн баштап, бүгүнкү күнгө чейин бүт өмүрүн, алы-күчүн «Манас» эпосун жыйноо, изилдөө иштерине жумшап келет.

Окумуштуунун «Манас» эпосуна кызыгып калышы бала кезинде эле башталган. Алп манасчы С.Каралаевди көрүп, билип, «Манасын» угуп жүрүшү болочок илимпозго өзгөчө таасир калтырган. «Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети» дегендей, улуу окумуштуу, академик Бүбүйна Орузбаева эженин таасиринен «Манас» эпосун илимий иликтөөгө аралашкан. Б.Орузбаева институттун директору болуп турган мезгилде жолдомо берип, М.Ауэзовдон Сапарбек Бегалиевге жетекчи болуп берүүсүн өтүнүп кайрылат. М.Ауэзовдун чыгармалары менен гана тааныш болгон жаш окумуштуу улуу залкарга айбыгуу, сүрдөнүү менен барып жолугушат. Казактын чыгаан уулу М.Ауэзов кыргыздын ыманы ысык баласын жылуу кабыл алып, С.Бегалиевдин жүрөгүн жибитет. Боордош казак тууганыбыз меймандостук кылып, жаш баланы теңине албай койбостон, үйүнө ээрчитип барып, сый-урматын көрсөтөт. Ушундай улуулук сапаттарды көргөн агайыбыз азыр өзү дагы жаш окумуштууларга өзгөчө жөнөкөй, мээримдүү мамиле кылып, улуулардын жолун улап келет.

М.Ауэзов убактысынын өтө тартыштыгын айтып, «Кара металлургия» деген романын жазып жаткандыгын билдирип: «Мен сага консультант болуп берейин. Сага жетекчи таап берем. Чолпон-Атадагы үйүмө келип тур», - деп, Есмагамет Исмаиловго кыргыз жигитине илимий жетекчи таап бер деп тапшырат. Ошентип, М.Ауэзовдун жардамы менен казактын белгилүү окумуштуусу, академик Кажым Жумалиев С.Бегалиевдин илимий ишине жетекчи болуп бекийт. Ошол мезгилдеги Казак кыз-келиндер институтунун директору, Москвадагы СССРдин педагогикалык академиянын корр.-мүчөсү, Советтер союзунун Баатыры Малик Габдулин С.Бегалиевдин кандидаттык ишине биринчи оппонент болгон. Кийин С.Бегалиев дагы фольклористика илиминде белгилүү окумуштуулардын катарына кошулуп, өзү дагы казактын көптөгөн көрүнүктүү илимпоздорунун аспиранттарынын кандидаттык иштерине оппонент болгон.

Окумуштуу С.Бегалиев Илимдер академиясынын «Манас» секторунда он жыл иштеп, кенже, улук илимий кызматкер болгон. 1970-жылдан 1993-жылга чейин Улуттук

университетте доцент, кафедра башчысы кызматтарын аркалаган. 1993-жылы Каракол шаарындагы ЫМУга келип, доцент, кафедра башчысы, декан, ардактуу профессор болуп байсалдуу эмгектенип келе жатат.

Масштабдуу, көркөм сюжеттүү «Манас» эпосу боюнча С.Бегалиев жүздөн ашуун ар кандай темадагы илимий макалаларды жазган. «О поэтике эпоса «Манас», «Манас» эпосунун көркөм каражаттары», «Манас» эпосу» деген илимий эмгектери манастаануучулар үчүн баа жеткис окуу куралы болуп саналат. Ошондой эле «Адабият таанууга киришүү», «Кыргыз фольклору боюнча методикалык көрсөтмө жана контролдук иштердин темалары» жана башка эмгектери жарык көргөн.

Ата-бабадан калган улуу мурас «Манас» эпосуна көптөгөн салым кошкон манастаануучу ардактуу агайыбыз С.Бегалиевдин улуу баянга байланыштуу жазган эмгектери баасын жоготпойт.

Адабияттар:

1. «Манас» энциклопедиясы. -Б., 1995.
2. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. -Б., 1997.
3. Бегалиев С. «Манас» эпосу. -Каракол, 2003.
4. Бегалиев С. Адабият таанууга киришүү. -Каракол, 2010.
5. Жумалиев К. Манастаануу (образдар системасы). -Б., 2012.